| | |
|---|---|
| *СА-2024-0004*<br>*(Документтин шифри)*<br>*14*<br>*(Беттин саны)*<br>*18.05.2024*<br>*(Бекитилген датасы)* | **Ош мамлекеттик университети**<br>**АКАДЕМИЯЛЫК САЯСАТЫ**<br>**“Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамы аткарган окуу жүктөмдөрүнүн көлөмүн пландаштыруу жана эсепке алуу убакыт ченемдери жөнүндө” жобо** |

**ОшМУнун ректорунун**
**№2211-ФХД/24**
**(18.05.2024) буйругу менен**
**БЕКИТИЛДИ**

# “Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамы аткарган окуу жүктөмдөрүнүн көлөмүн пландаштыруу жана эсепке алуу убакыт ченемдери жөнүндө” ЖОБО

**2024-жыл**

## ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | “Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамы аткарган окуу жүктөмдөрүнүн көлөмүн пландаштыруу жана эсепке алуу убакыт ченемдери жөнүндө” жобо |
| Документтин теги | ОшМУнун академиялык саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилген күнү | ОшМУнун административдик кеңешинин 2024-жылдын 12-апрелиндеги талкууланып, жактырылган. 2024-жылдын 15-майындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин № 8 протоколунун чечими менен кабыл алынган. |
| Документтин шифри | СА-2024-0004 |
| Документтин кыскача аннотациясы | Жободо окуу жүктөмдөрү жана аларды пландоо нормалары камтылган. Бул документ ОшМУда профессордук-окутуучулук курамдын окуу жүктөмдөрдү пландоодонун жол-жоболорун, тартибин аныктап турат. Жобо университеттин академиялык саясатынын документи болуп эсептелинет. |

ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ


1. Жалпы жоболор........................................................................................ 3
2. Окуу процессин уюштуруудагы негизги бирдиктер.......................................... 6
3. Окутуучунун академиялык жылга окуу жүктөмүн пландоо нормалары.......... 8
4. Окуу жүктөмдөрдү пландоодо эске алуучу критерийлер................................ 14


**Кыскартуулар**

КР ББИМ – Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги;
ОшМУ – Ош мамлекеттик университети;
АИБ – академиялык иштер башкармалыгы;
МББС – Мамлекеттик билим берүү стандарты;
ЖКББ – жогорку кесиптик билим берүү;
ОКББ – орто кесиптик билим берүү;
НББП – негизги билим берүү программасы;
НКББП – негизгикесиптик билим берүү программасы;
ББП – билим берүү программасы;
СӨАИ – студенттин өз алдынча иши.

## 1. Жалпы жоболор

1.1 Окуу жүктөмдөрү жана аларды пландоо нормалары Ош мамлекеттик университетинде (мындан ары ОшМУ) окуу процессин уюштуруунун, профессордук-окутуучулук курамдын штаттык жадыбалын, окутуучулардын окуу жүктөмүнүн өлчөмүн аныктоонун негизин түзөт.

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамы аткарган окуу жүктөмдөрүнүн көлөмүн пландаштыруу жана эсепке алуу убакыт нормалары төмөнкүлөргө ылайык иштелип чыккан:

- Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы №179 "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси (2004-жылдын 4-августу, №106);
- Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 21-ноябрындагы №654 Министрлер кабинетинин токтому, Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 5-февралындагы №45 Министрлер кабинетинин токтому;
- КР Министрлер кабинетинин 2023-жылдын 14 декабрындагы №678 “О вопросах лицензирования отдельных видов деятельности” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин "Билим берүү системасынын кызматкерлеринин педагогикалык жана айрым категорияларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндөгү" 2022-жылдын 30-мартындагы №181 токтому (21-тиркеме);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-мартындагы № 135 «Коштоп иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү жөнүндө 2015-жылдын 2-февралындагы № 34 токтому;
- Кыргыз Республикасынын ББжИ министрлигинин “Жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарында окутуунун кредиттик технологиясы боюнча окуу процессин уюштуруу эрежелери” 2023-жылдын 16-февраль №557/1 буйругу;
- Ош мамлекеттик университетинин Уставы;
- ОшМУнун ички тартип эрежелери жана башка ченемдик-укуктук актылары.

1.2. Убакыт ченемдери жөнүндө жобо профессордук-окутуучулук курамдын эмгегин уюштурууда негиз болуп саналат жана окутуучулардын эмгегин сарамжалдуу пайдалануу максатында иштин ар кандай түрлөрүн

бөлүштүрүүнү камсыз кылат.

1.3. Электрондук жекече иш план (мындан ары – жекече иш план) профессордук-окутуучулук курамдын ишин уюштурууну аныктоочу негизги документ болуп эсептелет жана кафедранын (ПЦКнын, бөлүмдөрдүн) отурумунда бекитилет. Жекече иш-планда пландаштырылган иштердин аткарылышына окутуучу жана окутуучулардын пландарын бекиткен кафедра башчысы (ПЦК төрага/төрайымдары, бөлүм башчылары) жооп берет. Жогоруда аталган жетекчилер ар бир академиялык мезгилдин соңунда академиялык иштер башкармалыгына семестрдин жыйынтыгы менен жүктөмдүн аткарылышы боюнча эсеп-кысабын берет.

1.4. ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамы үчүн жумуш убактысынын узактыгы жумасына 36 саат эсептелет. КРдин Эмгек кодекси (94-берене), ОшМУнун Уставы, жамааттык келишим, эмгек келишими (контракт), ички эмгек тартибинин эрежелери, 6 сааттык жумуш күнүнүн чегинде окутуучунун жекече иш-планы жана сабактардын жадыбалы менен жөнгө салынат.

1.5. Профессордук-окутуучулук курамдын иш убактысынын жалпы жылдык фонду 1500 саатты түзөт жана жумуш убактысы төмөндөгүдөй ишмердүүлүктөргө сарпталат:

- *окуу иштери;*
- *окуу-усулдук иштери;*
- *илимий изилдөө иштери;*
- *уюштуруу- тарбиялык иштери.*

Кредит системасын пайдалануу менен иштеген профессордук-окутуучулук курамдын окуу жүгү ЖКББ үчүн окуу жылына 1 ставкасы – 750/800/850 саат менен, ОКББ үчүн 1 ставкасы – 720 саат менен белгиленет.

1.6. **Штаттык профессордук-окутуучулук курамдын жылдык окуу жүгү** 1,5 ставкадан жогору эмес (КР ББИМ жана ОшМУ тарабынан каржыланган илимий долбоорлорго берилген ставка менен кошо) жана 0,5 ставкадан кем эмес болушу керек. Андан сырткары 240 сааттан ашпаган сааттык акы төлөм менен окуу жүктөмүн аткарууга болот.

Аудиториялык саат окуу жылы үчүн пландаштырылган жалпы окуу жүгүнүн 55-60 пайызынан кем эмес болот.

1.7. Административдик жана педагогикалык ишти натыйжалуу айкалыштыруу максатында кызмат орундарын айкалыштыруунун жол берилген ченемдери төмөнкүдөй белгиленет:

- административдик-башкаруу персоналына, окуу-көмөкчү персоналга – 0,5 ставкадан ашпайт;
- айкалыштырып иштеген профессордук-окутуучулук курам (ички жана тышкы айкалыштыруу) – 0,5 ставкадан ашпоого тийиш.

1.8. Жаңы окуу жылына пландаштырылган окуу жүктөмүнүн саат эсеби академиялык календарга ылайык түзүлүп бекитилет.

1.9. Кафедранын, ПЦКнын, түзүмдүк бөлүмдүн штаттык жадыбалын түзүүдө профессордук-окутуучулук курамдын сапаттык көрсөткүчү

лицензиялык талаптарга ылайык болууга тийиш.

1.10. КР Министрлер кабинетинин 2023-жылдын 14 декабрындагы №678 токтомундагы лицензиялык талаптарына (9- жана 11-тиркемелер) ылайык ЖКББ программаларынын дисциплиналарынын блоктору боюнча окумуштуулук даражалары жана/же окумуштуулук наамдары бар окутуучулардын пайызы:

- бакалавр жана адистерди даярдоо боюнча билим берүү программаларынын окутуучуларынын жалпы санына карата окумуштуулук даражасы жана/же окумуштуулук наамы бар окутуучулардын үлүшү 40%дан кем эмес;
- магистрдик билим берүү программаларынын окутуучуларынын жалпы санына карата окумуштуулук даражасы жана/же окумуштуулук наамы бар окутуучулардын үлүшү 60%дан кем эмес;
- аспирантура жана PhD докторантура үчүн билим берүү программасынын окутуучуларынын жалпы санына окумуштуулук даражасы жана/же окумуштуулук наамы бар окутуучулардын үлүшү 90%дан кем эмес.

1.11. Кредиттик система боюнча профессордук-окутуучулук курамдын окуу жылы үчүн сааттык жүктөмүнүн жалпы көлөмү төмөнкү таблица боюнча аныкталат:

1-таблица

| № | Кызматтын аталышы | Окуу иштери үчүн (1 ставка сааты) | Башка иштердин бардык түрлөрү | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Профессор (илимдин доктору) | 750 | 750 | 1500 |
| 2 | Профессор (илимдин кандидаты жана профессордук окумуштуулук наамы бар) | 750 | 750 | 1500 |
| 3 | Профессор (окумуштуулук даражасы жана наамы жок, бул искусство, дене тарбия жана чет тилдер кафедраларына тиешелүү) | 750 | 750 | 1500 |
| 4 | Доцент жана улук окутуучу (илимдин кандидаты, КР PhD философия доктору же нострификациядан өткөн чет өлкөнүн PhD философия доктору) | 800 | 700 | 1500 |
| 5 | Доцент (окумуштуулук даражасы жок, бирок доценттик окумуштуулук наамы бар) | 800 | 700 | 1500 |
| 6 | Доцент (окумуштуулук даражасы жана наамы жок, бул искусство, дене тарбия жана чет тилдер кафедраларына | 800 | 700 | 1500 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | тиешелүү) | | | |
| 7 | Окутуучу (илимдин кандидаты же PhD философия доктору) | 850 | 650 | 1500 |
| 8 | Улук окутуучу, окутуучу | 850 | 650 | 1500 |
| 9 | Ассистент-стажер | 850 | 650 | 1500 |
| 10 | Окутуучу (орто кесиптик билим берүүдө) | 720 | 780 | 1500 |

**Эскертүү:** *1) 1-таблицада көрсөтүлгөн сааттан ашкан окуу жүктөмү кошумча ставка катары эсептелет.*

*2) Кышкы кабыл алуудан пайда болгон же окуу жылдын башында бекитилген вакансиядагы окуу жүгү окуу жылдын экинчи жарымынын **башталышында** окутуучунун окуу жүгүнө кошулган учурда **жарым окуу жыл үчүн 1,0 ставка катары 1-таблицада көрсөтүлгөн сааттын жарымы** эсептелет. Мисалы, эгерде окутуучу кандайдыр бир жүйөлүү себептерден улам **окуу жылдын экинчи жарымынын башталышында** жумушка кайтса, анда анын аткара турган окуу жүгү 1,5 ставкадан, б.а., 638 сааттан ашпоого тийиш.*

*3) Окуу жылы ичинде окутуучу 14 жумуш күнүнөн ашык убакытка ден соолугуна же чыгармачыл өргүүгө чыккандыгына байланыштуу, тиешелүү окуу жүгүн аткара албай калса, анда ал окуу жүгү башка окутуучуга сааттык акы төлөм катары аткаруу үчүн буйрук менен бекитилет. Бул учурда окутуучунун окуу жүгү башка окутуучуга өткөрүлүп берилген саатка ылайык, кафедра башчысынын же ПЦК жетекчисинин билдирүүсү менен кыскартылат.*

## 2. Окуу процессин уюштуруудагы негизги бирдиктер

2.1. Окуу пландарындагы окуу иштеринин бардык түрлөрүнүн эмгек сыйымдуулугу кредиттер менен белгиленет. Бир ECTS кредити 30 академиялык саатка барабар деп эсептелет.

2.2. Академиялык сааттын узактыгы **45** мүнөт. Сабактарды жуптарда өткөрүүгө болот. Окуу жылында теориялык окутуу 32-36 жуманы (ОКББ 1-курс 9-база үчүн 40 жуманы) түзөт. Окуу семестри 16-18 жумадан (ОКББ 1-курс 9-база үчүн 20 жумадан) турат.

2.3. Билим берүү программаларынын эмгек сыйымдуулугу:

▪ **орто кесиптик билим берүү программалары** – 120, 180, 210 кредит (9 класстын базасынын 1-курсунда 1440 саат);

▪ **бакалаврларды даярдоо программалары** – 240 кредит;

▪ **магистрлерди даярдоо программалары** – 60, 120, 150 кредит;

▪ **адистерди даярдоо программалары** – 300, 360 кредит;

▪ **PhD докторантуранын программалары** – 180 кредит.

Бир академиялык жыл ичинде 60 кредит толук окуу жүктөмүнө туура келет.

2.4. Окуу планына кирген ар бир дисциплинага (“дене тарбия”, “аскердик-медициналык даярдык” ж.б. кошумча окуу курстарынан тышкары) кредиттер берилет.

2.5. Күндүзгү, кечки жана сырттан окуу формаларынын билим берүү программаларына кабыл алынган студенттердин минималдуу саны:

Бакалавр, адистик – 20;

Магистратура – 12;

Колледж – 20.

2.6. Студенттердин академиялык агымы берилген дисциплина боюнча катталган студенттердин жетиштүү санына ылайык түзүлөт. Бакалавриаттын милдеттүү дисциплиналары боюнча 1 агым үчүн катталган студенттердин минималдуу талап кылынган саны:

- лекцияга – 200 студенттен ашпайт;
- практикалык (семинардык) сабактарга – 20-30 студент (контингенти аз сандагы багыттардан / адистиктерден сырткары);
- лабораториялык сабактарга жана тилдик дисциплиналар үчүн практикалык сабактарга – багыт/адистик боюнча студенттердин саны аз болгон адистикке байланыштуу дисциплиналарды кошпогондо 12-23 студент;
- искусство жана медицина тармагынын кесиптик өзгөчөлүгү бар дисциплиналары үчүн агымдардагы студенттердин саны тиешелүү билим берүү программасынын стандартына ылайык каралат.

Студенттердин контингенти аз болгон адистиктердин элективдик дисциплиналары боюнча академиялык агым бардык студенттерди бир дисциплинага каттоо принцибинде түзүлөт.

Бирдей сааттагы, бирдей мазмундагы дисциплиналар үчүн лекциялык, семинардык, лабораториялык жана практикалык сабактарды бир агымга бириктирүүгө болот.

2.7. Аудиториялык жана аудиториядан тышкары иштердин пайыздык бөлүштүрүлүшү төмөндөгү таблицада келтирилген:

**Күндүзгү окутуу формасы**

2-таблица

| **Циклдин аталышы** | **Аудиториялык иштер (40%)** | | **Аудиториядан тышкары иштер (60%)** | |
|---|---|---|---|---|
| | Теориялык сабак (лекция) | Практикалык сабак (лаборатория, семинар) | Окутуучунун катышуусу менен СӨАИ (СРСП) | СӨАИ |
| Жалпы билим берүү циклы | 60 % | 40 % | Дисциплинанын кредиттерине жараша саат жүгү берилет (5-таблицаны караңыз) | Тапшырмалардын саны дисциплиналардын көлөмүнө (кредиттеринин санына) жараша болот |
| Жалпы кесиптик билим берүү жана кесиптик билим берүү циклдери | 40 % | 60 % | | |
| Ординатура | **Аудиториялык иштер (10%)** | | **Аудиториядан тышкары иштер (90%)** | |

## Медициналык колледждин сабактары үчүн

3-таблица

| Циклдин аталышы | Аудиториялык иштер (40%) | | Аудиториядан тышкары иштер (60%) | |
|---|---|---|---|---|
| | Теориялык сабак (лекция) | Практикалык сабак (лаборатория, семинар) | Окутуучунун катышуусу менен СӨАИ (СРСП) | СӨАИ |
| Жалпы билим берүү циклы | 60 % | 40 % | Дисциплинанын кредиттерине жараша саат жүгү берилет (5-таблицаны караңыз) | Тапшырмалардын саны дисциплиналардын көлөмүнө (кредиттеринин санына) жараша болот |
| Жалпы кесиптик билим берүү жана кесиптик билим берүү циклдери | 40 % | 60 % | | |
| | Клиникалык дисциплиналар үчүн | | | |
| | 30 % | 70 % | | |

## Сырттан окутуу формасы

4-таблица

| Циклдин аталышы | Аудиториялык иштер (15%) | | Аудиториядан тышкары иштер (85%) |
|---|---|---|---|
| | Теориялык сабак (лекция) | Практикалык сабак (лаборатория, семинар) | СӨАИ |
| Жалпы билим берүү циклы | 60 % | 40 % | Тапшырмалардын саны дисциплиналардын көлөмүнө (кредиттеринин санына) жараша болот |
| Жалпы кесиптик билим берүү жана кесиптик билим берүү циклдери | 40 % | 60 % | |

## 3. Окутуучунун академиялык жылга окуу жүктөмүн пландоо нормалары

5-таблица

| № | Иштин түрү | Убакыт өлчөмү | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | **Аудиториялык иштер** | | |
| 1 | Лекциялык сабак | 1 лекциялык агымга окуу планына ылайык академиялык саат пландалат | 200 студенттен ашпайт. Лекциялык сабактарды жуптарда өткөрүүгө уруксат берилет. |
| 2 | Практикалык жана семинардык сабактар | 1 агымга окуу планына ылайык академиялык саат пландалат | 1 агымда студенттердин саны: 20-30 Сабактарды жуптарда өткөрүүгө уруксат берилет. |
| 3 | Лабораториялык, медицина тармагындагы практикалык жана тил сабактары | 1 агымга окуу планына ылайык академиялык саат пландалат | 1 агымда студенттердин саны: 12-23 Сабактарды жуптарда өткөрүүгө уруксат берилет. Эгерде агымда студенттердин |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | саны 12ден кем болсо, анда окуу жүгү сааттык акы төлөм менен аткарылат. |
| **Консультациялар** | | | |
| 4 | Жыйынтык текшерүү боюнча консультацияларды | Сынагы бар дисциплина үчүн ар бир агымга 2 саат | Күндүзгү, кечки окуу формасындагы студенттер, магистранттар, PhD докторанттар үчүн.<br>Бул саат лектордун окуу жүгүнө кошулат, бул учурда лектордун окуткан агымынын көлөмү эске алынат.<br>Окуу планда лекциялык саат пландаштырылбаган дисциплиналар үчүн консультациялык саат практикалык сабакты окуткан окутуучунун окуу жүгүнө кошулат |
| 5 | Обзордук лекциялар | 1 комплекстик сынакка 12 сааттан көп эмес | МАга тиешелүү дисциплиналар үчүн |
| 6 | ДОТ колдонуу менен консультацияларды өткөрүү (электрондук ОМКны сактоо менен) | Сынагы бар дисциплина үчүн ар бир агымга 2 саат | Сырттан окуу формасындагы студенттер, күндүзгү жана сырттан окуу формасындагы магистранттар, PhD докторанттар үчүн.<br>**Бул саат лектордун окуу жүгүнө кошулат** |
| **Текшерүү иштери** | | | |
| 7 | Аралык жана жыйынтык текшерүүлөр (билимди баалоонун рейтингдик тутумунда) | 20-30 студенти бар 1 агым үчүн – **12 саат:**<br>**Жалпы билим берүү циклы**<br>лекторго – **7 саат;**<br>практикалык (лабораториялык, семинардык) сабакты окуткан окутуучуга – **5 саат.**<br>**Кесиптик циклы**<br>лекторго – **5 саат;**<br>практикалык (лабораториялык, семинардык) сабакты окуткан окутуучуга – **7 саат.**<br>12-19 студенти бар контингенти аз болгон багыттардын **1 агымы жана** лабораториялык, медицина тармагындагы | Контингенти аз болгон багыттар үчүн агымды ачуу жагы ОшМУнун финансы-пландоо бөлүмү менен кошумча макулдашуу менен пландаштырылат<br><br>Эгерде практикалык жана лабораториялык сабактар эки окутуучуга бөлүнсө, анда көрсөтүлгөн саттар тең экиге бөлүнөт |

<table>
<tr><td></td><td></td><td>практикалык жана тил сабактарындагы 1 агым үчүн – 6 саат:<br>Жалпы билим берүү циклы<br>лекторго – 3,5 саат;<br>практикалык (лабораториялык, семинардык) сабакты окуткан окутуучуга – 2,5 саат.<br>Кесиптик циклы<br>лекторго – 2,5 саат;<br>практикалык (лабораториялык, семинардык) сабакты окуткан окутуучуга – 3,5 саат.</td><td></td></tr>
<tr><td>8</td><td>Окутуучу менен СӨАИ (СРСП) (кошумча сабак, консультациялар, сабактан жетишпегендер менен иштөө)</td><td>1 агым үчүн<br>2 кредиттик сабакка – 6 саат,<br>3 кредиттик сабакка – 9 саат,<br>4 кредиттик сабакка – 12 саат,<br>5 кредиттик сабакка – 15 саат,<br>6 кредиттик сабакка – 18 саат.<br><br>Жалпы билим берүү циклы<br>лекторго – 60%<br>2 кредиттик сабакка – 4 саат,<br>3 кредиттик сабакка – 5 саат,<br>4 кредиттик сабакка – 7 саат,<br>5 кредиттик сабакка – 9 саат,<br>6 кредиттик сабакка – 11 саат,<br>практикалык (лабораториялык, семинардык) сабакты окуткан окутуучуга – 40%<br>2 кредиттик сабакка – 2 саат,<br>3 кредиттик сабакка – 4 саат,<br>4 кредиттик сабакка – 5 саат,<br>5 кредиттик сабакка – 6 саат,<br>6 кредиттик сабакка – 7 саат.<br><br>Кесиптик циклы<br>лекторго – 40%<br>2 кредиттик сабакка – 2 саат,<br>3 кредиттик сабакка – 4 саат,<br>4 кредиттик сабакка – 5 саат,<br>5 кредиттик сабакка – 6 саат,<br>6 кредиттик сабакка – 7 саат,<br>практикалык (лабораториялык, семинардык) сабакты окуткан окутуучуга – 60%</td><td>Бул сааттар циклдерге жараша лекторго, практикалык (лабораториялык, семинардык) сабакты окуткан окутуучуга тишелүү процентке ылайык бөлүштүрүлүп берилет.<br><br>Бул окуу жүктөмү үчүн жадыбал түзүлөт жана аткарылышы электрондук журналга катталат.</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 2 кредиттик сабакка – **4 саат**,<br>3 кредиттик сабакка – **5 саат**,<br>4 кредиттик сабакка – **7 саат**,<br>5 кредиттик сабакка – **9 саат**,<br>6 кредиттик сабакка – **11 саат.** | |
| 9 | Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация. Бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштерин, дипломдук иштерин/долбоорун, магистрдик диссертациясын коргоо | **МАга түзүлгөн жадыбал боюнча 1 күнгө**<br>төрагасына (төрайымына) – 6 саат,<br>экспертке – 6 саат. | МА үчүн окуу жүгү окуу жылдын башында каралып, вакансияга коюлат.<br><br>Бул окуу жүгү МАнын агымдар боюнча бекитилген жадыбалына ылайык аныкталат. |
| 10 | PhD диссертациясын коргоо | | PhD докторантуранын жобосуна ылайык толтукталат |
| **Бүтүрүүчү иштерди жетектөө жана рецензирлөө** | | | |
| 11 | Бүтүрүүчү бакалаврдык квалификациялык ишти (БКИ) жетектөө | 1 БКИни жетектөө – 18 саат<br>1 БКИ рецензирлөө – 2 саат | Илимдин докторуна – 9, илимдин кандидатына – 7, улук окутуучуга – 4, окутуучуга – 2 студенттен ашык эмес жетектөөгө мүмкүн.<br>БКИни рецензиялоо квалификациясы корголуп жаткан иштин профилине ылайык келген ички адистери тарабынан жүргүзүлөт. |
| 12 | Бүтүрүүчү адистик дипломдук ишти/ долбоорду жетектөө | 1 дипломдук ишти/долбоорду жетектөө – 28 саат<br>1 дипломдук ишти/долбоорду рецензирлөө – 2 саат | Илимдин докторуна – 6, илимдин кандидатына – 4, улук окутуучуга – 2 студенттен ашык эмес жетектөөгө мүмкүн.<br>Бүтүрүүчү адистик дипломдук ишти/ долбоорду рецензиялоо квалификациясы корголуп жаткан иштин профилине ылайык келген ички адистери тарабынан жүргүзүлөт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 13 | Магистрдик диссертацияны жетектөө | 1 магистрдик диссертацияны жетектөө – 32 саат<br>1 магистрдик диссертацияны рецензирлөө – 2 саат | Илимдин докторуна – 6, илимдин кандидатына – 4, улук окутуучуларга же жогорку квалификациялуу жетектөөчү адистерге – 2 магистранттан ашык эмес.<br>Магистрдик диссертацияны **рецензиялоо** квалификациясы корголуп жаткан иштин профилине ылайык келген үчүнчү тараптык уюмдардын тышкы адистери тарабынан жүргүзүлөт. Ал үчүн окуу жүгү вакансияга бекитилет, кафедра башчысынын билдирүүсү менен сааттык акы төлөм катары төлөнөт.<br>**Рецензиялоо** илимдин докторуна – 6, илимдин кандидатына – 4, улук окутуучуларга же жогорку квалификациялуу жетектөөчү адистерге – 2 магистранттан ашык эмес. |
| 14 | PhD доктордук диссертацияны жетектөө | 1 PhD докторанттын диссертациясын жетектөө – жылына 100 саат<br>1 алыскы чет элдик PhD докторанттын диссертациясын жетектөө – жылына 150 саат | Илимдин докторуна – 5 PhD докторантка чейин,<br>Илимдин кандидатына – 3 PhD докторантка чейин |
| 15 | Аспиранттын илимий-изилдөө ишин жетектөө | 1 аспиранттын илимий-изилдөө ишин жетектөө – жылына 50 саат | Илимдин докторуна – 5, илимдин кандидатына – 3 аспиранттан ашык эмес жетектөөгө мүмкүн.<br>Жетектөө боюнча ОшМУнун буйругу чыккан болсо, окуу жүгү эки семестрге бирдей бөлүнүп түзүлөт.<br>Бул окуу жүгү сааттык акы төлөм менен төлөнөт. |
| **Практиканы жетектөө** | | | |
| **Практика үчүн 3 кредит – 2 аптага туура келет** | | | |
| 16 | Педагогикалык практиканы жетектөө | **ОшМУдагы жетекчилерге (1 апта үчүн 1 студентти жетектөөгө) бөлүнгөн жалпы саат көлөмү – 3 саат:**<br>1) Методист-окутуучуга – 2,3 с.; | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 2) Педагог-окутуучуга – 0,5 с.;<br>3) Психолог-окутуучуга – 0,2 с. | |
| | | **Мектептеги жетекчилерге (1 студентти жетектөөгө) бөлүнгөн 1 апта үчүн жалпы саат көлөмү – 1,5 саат:**<br>1) Предметник-мугалимге – 1,1 с.;<br>2) Класса жетекчиге – 0,25 с.;<br>3) Тарбия иштерин уюштуруу боюнча директордун орун басарына – 0,05 с.;<br>4) Окуу иштерин уюштуруу боюнча директордун орун басарына – 0,05 с.;<br>5) Мектеп директоруна – 0,05 с. | Студенттердин педагогикалык практикаларын мектептеги жетекчилерине бөлүнүүчү окуу жүгү вакансияга бекитилет. Сааттык акы түрүндө төлөнөт. |
| 17 | Окуу-таанышуу практикасын жетектөө | 2 апта үчүн 1 студентти жетектөөгө бөлүнгөн жалпы саат көлөмү – 1,5 саат:<br>1) ОшМУдагы жетекчиге – 0,75 саат;<br>2) Өндүрүштөгү жетекчиге – 0,75 саат | Эгерде практиканын базасы ОшМУнун структурасы болсо, ОшМУдагы жетекчиге 2 аптага 1,5 саат берилет;<br>Өндүрүштөгү жетекчиге берилүүчү окуу жүктөмү кафедра башчысынын же ПЦК жетекчисинин билдирүүсү менен сааттык акы төлөм түрүндө төлөнөт. Окуу жүгү вакансияга бекитилет. |
| 18 | Талаа практикасын жетектөө | 1 апта үчүн 1 студентти жетектөөгө бөлүнгөн жалпы саат көлөмү – 1,5 саат | |
| 19 | Өндүрүштүк практикасын жетектөө | **1 апта үчүн 1 студентти жетектөөгө бөлүнгөн жалпы саат көлөмү – 1,5 саат:**<br>1) ОшМУдагы жетекчиге – 0,75 саат;<br>2) Өндүрүштөгү жетекчиге – 0,75 саат | Өндүрүштөгү жетекчиге берилүүчү окуу жүктөмү кафедра башчысынын же ПЦК жетекчисинин билдирүүсү менен сааттык акы төлөм түрүндө төлөнөт. Окуу жүгү вакансияга бекитилет |
| 20 | Квалификация алдындагы практика | 2 апта үчүн 1 студенти жетектөөгө – 1,5 саат | Буйруктун негизинде студенттин квалификациялык ишинин жетекчиси практиканы жетектейт |
| 21 | Магистранттардын илимий-изилдөө практикаларын жетектөө | 1 апта үчүн 1 магистрантты жетектөөгө – 1,5 саат | Буйруктун негизинде магистранттын магистрдик диссертациясынын жетекчиси ОшМУдан практиканы жетектейт |
| 22 | Магистранттардын өндүрүштүк, башкаруучулук, | **1 апта үчүн 1 магистрантты жетектөөгө – 1,5 саат:**<br>1) ОшМУдагы жетекчиге – 0,75 | Буйруктун негизинде магистранттын магистрдик диссертациясынын жетекчиси |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | практикасы | саат;<br>2) Өндүрүштөгү жетекчиге – 0,75 саат | ОшМУдан практиканы жетектейт. Өндүрүштөгү жетекчиге берилүүчү окуу жүктөмү сааттык акы төлөм түрүндө төлөнөт. Окуу жүгү вакансияга бекитилет |
| 23 | Магистранттардын илимий-педагогикалык практикасы | **ОшМУдагы жетекчилерге (1 апта үчүн 1 магистрантты жетектөөгө) бөлүнгөн жалпы саат көлөмү – 3 саат:**<br>1) Методист-окутуучуга – 2,3 с.;<br>2) Педагог-окутуучуга – 0,5 с.;<br>3) Психолог-окутуучуга – 0,2 с. | Буйруктун негизинде магистранттын магистрдик диссертациясынын жетекчиси ОшМУдан практиканы жетектейт |

**Эскертүү.** Жогоруда келтириген нормалар студенттерди, магистранттарды, аспиранттарды, PhD докторанттарды окутууга тиешелүү.

## 4. Окуу жүктөмдөрдү пландоодо эске алуучу критерийлер

4.1 Окуу жүктөмдөр окутуунун формасына карабастан (күндүзгү, сырттан, кечки) жарым жылдыктарга бирдей бөлүштүрүлүшү (бир жарым окуу жылында сааттын көлөмү **40%дан** кем эмес пландаштырылышы) керек.

4.2. Ар бир окутуучунун сырттан окуу бөлүмүндөгү окуу жүктөмү жалпы окуу жүктөмүнүн 30% нан ашпоого тийиш.

4.3. Лекциялык окуу жүктөм профессорлорго, доценттерге жана улук окутуучуларга пландаштырылышы керек. Өзгөчө учурларда, кафедра башчысынын сунуштамасы менен лекцияларды жождо 3 жылдан кем эмес педагогикалык стажы бар окутуучуларга пландыштырууга уруксат берилет.

4.4. Лекциялык окуу жүктөмдөр:

- *Профессор үчүн жалпы жүктөмдүн 35% нан кем болбош керек;*
- *Доцент үчүн жалпы жүктөмдүн 30% нан кем болбош керек;*
- *Улук окутуучу үчүн жалпы жүктөмдүн 25% нан кем болбош керек.*

4.5. Кафедралардардын штаттарын бекитүүдө окутуучулук-профессордук курамга болгон лицензиялык талаптардын аткарылуусу зарыл.

Сааттык акы төлөм боюнча иштеген окутуучуну ишке алуу, эреже катарында, окуу жылынын башында же жазгы семестрдин башталышында гана аткарылат;

4.6. Окутуучунун калган окуу-усулдук, илимий-усулдук, уюштуруу-тарбиялык жана илимий-изилдөө иштери боюнча окуу жүгү ар бир окутуучу тарабынан өздөрүнүн электрондук жекече иш-пландарында кошумча пландыштырып белгиленет жана аткарылат;

4.7. Окуу жылы ичинде активдүү окуу жүгү 60% (55%), пассивдүү – 40% (45%) болууга тийиш.

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

## БУЙРУК

2024-жылдын 15-майындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде № 8 протоколунун чечиминин негизинде ар түрдүүгө кирген жобону бекитүү жөнүндөгү маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам:**

1. 2022-жылдын 28-сентябрындагы № 3990-ФХД/22 буйругу менен бекитилген «ОшМУнун ПО курамы аткарган окуу жүктөмдөрүнүн көлөмүн пландаштыруу жана эсепке алуу убакыт ченемдери жөнүндө» жобосу күчүн жоготту деп эсептелсин.
2. Жаңы редакциядагы «ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамы аткарган окуу жүктөмдөрүнүн көлөмүн пландаштыруу жана эсепке алуу убакыт ченемдери жөнүндөгү» жобосу бекитилсин.

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К. Г. Кожобеков**

документ
ПОДПИСАН
электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

# Макулдашуу барагы

## ОК № 8, 15.05.2024-ж.өн.мас.жобону бекитүү (Э. М. Манашов)

## № 2211-ФХД/24 от 18-05-2024

**Баяндоо: ОК № 8, 15.05.2024-ж.өн.мас.жобону бекитүү (Э. М. Манашов)**

**Демилгечи: Асанбекова Джамиля Жекшеналиевна**

**Макулдашуу буйругу:**

**Приказ "ОК № 8, 15.05.2024-ж.өн.мас.жобону бекитүү (Э. М. Манашов) (№ 2211-ФХД/24 от 18-05-2024)"**

| № | ФАА | Кызмат орду | Натыйжа | Датасы | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Асанбекова Джамиля Жекшеналиевна | Ученый секретарь | Макулдашылды | 16-05-2024 | |
| 2 | Айдарбекова Жамал Абдыкадыровна | Заведующий отделом | Макулдашылды | 16-05-2024 | |
| 3 | Манашов Мирланбек Эсенбаевич | Академиялык иштер башкармалыгынын начальниги | Макулдашылды | 17-05-2024 | |
| 4 | Токторов Кубаныч Кадырмаматович | Инвестиция жана экономикалык өнүгүү боюнча проректор | Макулдашылды | 17-05-2024 | |
| 5 | Омуров Нурлан Кубатович | Окуу иштери боюнча проректор | Макулдашылды | 17-05-2024 | |
| 6 | Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич | Ректор | Бекитилген | 18-05-2024 | |

6 июня 2024 г.